**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

БЕКИТИЛДИ
Кыргыз Республикасынын
билим берүү жана илим
министрлигинин
Буйругу №__863/1_____
«___10___»___май____2022ж.

Каттоо номери 8
Код 200724

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ОРТО КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮСҮНҮН МАМЛЕКЕТТИК БИЛИМ БЕРҮҮ СТАНДАРТЫ

**Адистик: 040104 – «Социалдык патронаж»**

**Квалификациясы - Жеке ассистент**

**Бишкек 2022**

## 1-глава.Жалпы жоболор

1. Ушул Кыргыз Республикасынын кесиптик орто билим берүүсүнүн **040104-«Социалдык патронаж»** адистиги боюнча мамлекеттик билим берүү стандарты (мындан ары – Мамлекеттик билим берүү стандарты) “Билим берүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын билим берүү жаатындагы башка ченемдик укуктук актыларына ылайык иштеп чыккан.

2. Ушул Мамлекеттик билим берүү стандартында төмөнкү түшүнүктөр пайдаланылды:

- **негизги кесиптик билим берүү программасы** - максаттарды, күтүлүүчү натыйжаларды, тийиштүү адистик боюнча билим берүү процессин ишке ашыруунун мазмунун жана уюштурулушун жөнгө салуучуокуу-методикалык документтердин жыйындысы;
- **сабактардын цикли** - окутуунун, тарбиялоонун белгиленген максаттарына жана натыйжаларына карата белгилүү бир логикалык жыйынтыкка ээ болгон билим берүү программасынын бир бөлүгү же окуу сабактарынын жыйындысы;
- **модуль** - окутуунун, тарбиялоонун белгиленген максаттарына жана натыйжаларына карата белгилүү бир логикалык жыйынтыкка ээ болгон окуу сабактарынын бөлүгү;
- **компетенттүүлүк** – окуучунун (студенттин) белгилүү бир чөйрөдө натыйжалуу өндүрүштүк ишмердүүлүгү үчүн зарыл болгон билим берүү даярдыгы үчүн алдын ала белгиленген коомдук талап (ченем);
- **кредит** - негизги кесиптик билим берүү программасынын эмгек сыйымдуулугунун шарттуу өлчөмү;
- **окутуунун натыйжалары** - негизги билим берүү программасы/модулу боюнча окутуунун натыйжасында ээ болгон компетенциялар.

Ушул Мамлекеттик билим берүү стандартын ишке ашыруу менчигинин түрүнө жана ведомстволук таандыктыгына карабастан орто кесиптик билим берүү программаларын ишке ашыруучу бардык билим берүү уюмдары үчүн милдеттүү болуп саналат.

Кесиптик стандарт - бул кесиптик ишмердүүлүктүн белгилүү бир түрүнүн чегинде анын мазмунуна жана сапатына талаптарды аныктаган жана кызматкердин ишинин түрүнө карабастан ар кандай уюмдун штаттагы ордун татыктуу ээлөө үчүн жооп бериши керек болгон квалификациясынын сапаттык деңгээлин сүрөттөгөн негизги документ.

## 2-глава. Колдонуу жааты

3. Ушул Мамлекеттик билим берүү стандарты **040104-«Социалдык патронаж»** адистиги боюнча негизги кесиптик билим берүү программаларын ишке ашырууда милдеттүү болгон ченемдердин,

эрежелердин жана талаптардын жыйындысын билдирет жана Кыргыз Республикасынын аймагында лицензиясы жана аккредитациясы бар,уюштуруу-укуктук формасына карабастан кесиптик орто билим берүү программаларын ишке ашыруучу бардык билим берүү уюмдарынынуюштуруу-методикалык документтерди иштеп чыгуусу, кесиптик орто билим берүүсүнүн негизги кесиптик билим берүү программаларын өздөштүрүүнүн сапатын баалоосу үчүн негиз болуп эсептелет.

4. **040104-«Социалдык патронаж»** адистиги боюнча Мамлекеттик билим берүү стандартынын негизги колдонуучулары болуп төмөнкүлөр саналат:

- ушул адистик боюнча негизги кесиптик билим берүү программаларын ишке ашырууга укуктуу билим берүүнүн уюмдарынын администрациясы жана педагогикалык курамы;
- ушул адистиктеги негизги билим берүү программасын өздөштүрүү боюнча өзүнүн окуу ишин натыйжалуу ишке ашыруу үчүн жоопту студенттер;
- кесиптик иштинтийиштүү чөйрөсүндөгү адистердин жана иш берүүчүлөрдүн бирикмелери;
- Кыргыз Республикасынын билим берүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органынын тапшырмасы боюнча негизги билим берүү программаларын иштеп чыгууну камсыз кылуучу окуу-методикалык бирикмелер жана кеңештер;
- кесиптик орто билим берүүнү каржылоону камсыз кылуучу билим берүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар;
- кесиптик орто билим берүү системасында мыйзамдардын сакталышын көзөмөлдөөнү камсыз кылуучу, кесиптик орто билим берүү чөйрөсүндө аккредитациялоочу жана сапатынкөзөмөлдөөчү билим берүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар.

## 3-глава.Адистиктин жалпы мүнөздөмөсү

5. **040104-«Социалдык патронаж»** адистиги боюнча негизги кесиптик билим берүүсүнүн программасын өздөштүрүү формалары:

- күндүзгү;
- күндүзгү-сырттан (кечки);
- сырттан окуу;

6. Жалпы орто билим берүүнүн базасында күндүзгү окуу формасыбоюнча кесиптик орто билим берүүнүн адистиги боюнча негизги билим берүү программасын өздөштүрүүнүн ченемдик мөөнөтү 1 жыл 10 айдан кем эмести түзөт.Ушул кесиптик билим берүү программасын негизги жалпы билим берүүнүн базасында ишке ашыруу учурунда өздөштүрүүнүн белгиленген ченемдик мөөнөтү 1 (бир) жылга узартылат.

7. Кесиптик орто билим берүү программасына интеграцияланган жалпы орто билим берүүнүн жалпы билим берүү программасын(10жана 11-класстар) ишке ашырууда жалпы орто билими жөнүндөдокумент (аттестат) берилбейт, ал эми сабактар боюнча бааларкесиптик орто билим берүү жөнүндө документке (дипломго) коюлат.

8. Абитуриентте окууга тапшырууда төмөнкү документтердин бири болууга тийиш:

- жалпы орто билими жөнүндө аттестат;
- негизги жалпы билими жөнүндө күбөлүк.

9. Күндүзгү-сырттан (кечки) жана сырттан окуу формалары боюнча, ошондой эле окутуунун ар түрдүү формалары айкалыштырылган жана аралыктан билим берүү технологиялары пайдаланылган учурда кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программаларын өздөштүрүү мөөнөтү кесиптик орто билим берүү программаларын ишке ашыруучу билим берүү уюму тарабынан күндүзгү окуу формасында өздөштүрүүнүн белгиленген ченемдик мөөнөтүнө карата 6 айга узартылат.

Кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программаларын өздөштүрүүнүн башка ченемдик мөөнөттөрү өзүнчө ченемдик укуктук акт менен бекитилет.

10. Күндүзгү окуу формасы боюнча кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программаларынын эмгек сыйымдуулугу 120дан кем эмес кредитти (зачеттук бирдикти) түзөт. Бир окуу семестринин эмгек сыйымдуулугу 30дан кем эмес кредитке (зачеттук бирдикке) барабар (окуу процесси эки семестрлик болуп уюштурулган учурда).

Бир кредит (зачеттук бирдик) студенттин окуу ишинин 30 саатына барабар (анын ичине аудиториялык, өз алдынча иши жана аттестациянын бардык түрлөрү кирет).

Ушул Мамлекеттик билим берүү стандартын ишке ашыруу менчигинин түрүнө жана ведомстволук таандыктыгына карабастан орто кесиптик билим берүү программаларын ишке ашыруучу бардык билим берүү уюмдары үчүн милдеттүү болуп саналат.

Кесиптик стандарт - бул кесиптик ишмердүүлүктүн белгилүү бир түрүнүн чегинде анын мазмунуна жана сапатына талаптарды аныктаган жана кызматкердин ишинин түрүнө карабастан ар кандай уюмдун штаттагы ордун татыктуу ээлөө үчүн жооп бериши керек болгон квалификациясынын сапаттык деңгээлин сүрөттөгөн негизги документ.

11. Инсанды окутуу жана тарбиялоо жаатында **040104-«Социалдык патронаж»** адистиги боюнча кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасынын максаттары

**040104-«Социалдык патронаж»** адистиги боюнча кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасынын окутуу жаатындагы максаты болуп социалдык иште социалдык патронаж жасоо үчүн ортоңку звенодогу квалификациялуу, ар дайым кароого муктаж

болгон жарандарга бирдей мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылуу, аларды коомго интеграциялоо үчүн жекече социалдык кызматтарды кесипкөй көрсөтүүгө даяр адисти даярдоо саналат.

**040104-«Социалдык патронаж»** адистиги боюнча кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасынын инсанды тарбиялоо жаатындагы максаты болуп студенттердин өз алдынчалыгын(өз ишинин максатын жана милдеттерин коё билүүнүн негизинде кесиптик иш менен алектенүүсүн), жоопкерчилигин(конкреттүү эмгек функциясын аткарууда күтүүсүз өзгөрүүлөр шарттарында башкаруу жана жетектөө,өзүнүн ишин жана башкалардын ишин талдоо жана өркүндөтүү жөндөмүн)калыптандыруу;ошондой эле эмпатия, коммуникативдүүлүк, ак ниеттүүлүк, ыкчамдык, толеранттуулук, өзүн-өзү башкаруу, чынчылдык, чыдамкайлык, оор басырыктуулук сыяктуу социалдык-инсандык сапаттарды өнүктүрүү саналат.

12. Билим берүү тармагында **040104-«Социалдык патронаж»** адистиги боюнча кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасынын максаты болуп төмөнкүлөр саналат: (билим берүү жаатындагы кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасынын максаттары формулировкаланган).

13. **040104-«Социалдык патронаж»** адистигинин социалдык кызматкердин квалификациясы боюнча бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишинин чөйрөсү социалдык коргоо тутумун жана социалдык кызмат көрсөтүү системасын (турмуштук оор кырдаалдарды аныктоо (ТОК); социалдык кызмат көрсөтүү; маалымат) камтыйт. жана профилактикалык иш-чаралар).

Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишинин объектилери болуп («Кыргыз Республикасынын калкты социалдык жактан тейлөөнүн негиздери жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 4-беренесине ылайык) социалдык колдоого, жардамга, коргоого жана социалдык тейлөөгө муктаж болгон жеке адамдар, үй-бүлөлөр жана калктын ар кандай топтору саналат. Социалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн объекттери атап айтканда:

- үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыркаган адамдар, үй-бүлөлөр, улгайган жарандар, тобокелдик топтору,
- ТОКда жайгашкан калктын ар кандай топтору.

Жогорудагы объектилер (кардарлар) менен кесиптик ишмердүүлүк алардын жайгашкан жерине карабастан: үйдө же менчиктин ар кандай түрүндөгү социалдык тейлөө мекемелеринде жүзөгө ашырылат.

14. Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишинин түрлөрү болуп:

- уюштуруу-диагностикалык ишмердүүлүк;
- кардарды коомго социалдык интеграциялоо;
- социалдык кызмат көрсөтүүлөр;
- социалдык-реабилитациялык ишмердүүлүк саналат.

Бүтүрүүчү даярдалып жаткан кесиптик иштин түрлөрү кызыкдар болгон иш берүүчүлөр менен бирдикте кесиптик орто билим берүү

программаларын ишке ашыруучу билим берүү уюмдары тарабынан иштелип чыгуучу анын билим берүү программасынын мазмунун аныкташы керек.

15. Бүтүрүүчү даярдалып жаткан кесиптик ишинин түрлөрү улуттук квалификациялык рамкага жана кесиптик стандартка (эгерде бар болсо) ылайык, кызыкдар иш берүүчүлөр менен биргеликте орто кесиптик билим берүүнүн билим берүү программаларын ишке ашыруучу билим берүү уюмдары тарабынан иштелип чыккан анын билим берүү программасынын мазмунун аныктоого тийиш.

Бүтүрүүчү даярдалууга тийиш болгонкесиптик иштин милдеттеринин тизмеси:

**Уюштуруу-диагностикалык ишмердүүлүк** (муктаждыктарды баалоого жана пландоого катышуу):

- жактын/баланын жана анын үй-бүлөсүнүн муктаждыктарын баалоого катышуу;
- кардарды тейлөөнүн/реабилитациялоонун жекече планын түзүүгө катышуу;

**Кардарды коомго социалдык жактан интеграциялоо**:

- кардардын жашоо-тиричилигине оң таасир тийгизүү менен өз ара ишенимди,адистердин жардамын алуу максатында кардардын жакындарыменен социалдык тейлөөнүн жана патронаж процессинин катышуучулары мененнатыйжалуу коммуникацияны түзүү;
- кардарды позитивдүү эмоционалдык абалда кармоо, күчтүү жактарын активдештирүү, социалдык патронаждын максатын ишке ашыруу үчүн ресурстарды жана жакындарын тартуу жана кардарды коомдун турмушуна катышууга шыктандыруу, аны окуу, кесиптик, бош убактысын өткөрүү жана башка учурлардакоштоп жүрүү;
- майыптуулуктун оор формаларына туш болгон балдарды тарбиялоо, багуу жана коргоо маселелери боюнча ата-энелеринин компетенттүүлүгүн өнүктүрүү.

**Социалдык кызматтар:**

- социалдык коргоо жана жардам;
- социалдык-турмуш-тиричилик кызматтары;
- социалдык-медициналык кызматтар.

**Социалдык-реабилитациялык ишмердүүлүк** (социалдык-реабилитациялык кызматтарды көрсөтүү):

- мобилдүүлүктү камсыз кылуу, кыймыл-аракет активдүүлүгүнө жардам берүү;
- кардардын социалдык-медициналык реабилитациясына жана абилитациясынакөмөктөшүү;
- кардарды сергек жашоо образына, ден соолукту чыңдоо ишине шыктандыруу.

16. Бүтүрүүчү даярдалышы керек болгон кесиптик ишмердүүлүктүн милдеттеринин тизмеси кесиптик ишмердүүлүктүн тиешелүү

тармагындагы квалификациялык талаптардан жана **040104-«Социалдык патронаж»** кесиптик стандартынан (эгерде бар болсо) төмөндөгүлөр алынышы керек:

- кесиптик ишмердүүлүктүн максатын ишке ашырууга, тактап айтканда: жашоо-тиричиликтин оор кырдаалдарынминималдаштырууга, кардарлардын потенциалын жана жашоо-тиричилигинин сапатын жогорулатууга, ар кандай социалдык кызматтарды көрсөтүү менен алардын социалдык интеграцияланышынына жана коомдук турмушка катышуусуна көмөктөшүүгө;
- жогорку кесиптик билим берүүнүн негизги билим берүү программасын өздөштүрүүгө;
- төмөнкү тектеш багыттар боюнча жогорку кесиптик билим берүүнүн негизги билим берүү (бакалавр) программасын тездетилген мөөнөттө өздөштүрүүгө:
- 540200-«Социалдык иш»,
- 540100-«Социология»,
- 540300-«Жаштар менен иштөөнү уюштуруу».

## 4-глава. Орто кесиптик билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасын ишке ашыруунун шарттарына каратажалпы талаптар

17. Кесиптик орто билим берүү программаларын ишке ашыруучу билим берүү уюмдарыадистик боюнчанегизги кесиптик билим берүү программасын өз алдынча иштеп чыгышат. Негизги кесиптик билим берүү программасыэмгек рыногунун муктаждыктарын эске алуу менен,адистик боюнчатийиштүү Мамлекеттик билим берүү стандартынын негизинде иштелип чыгат.

Кесиптик орто билим берүү программаларын ишке ашыруучу билим берүү уюмдары негизги кесиптик билим берүү программасын илимдин, маданияттын, экономиканын, техниканын, технологиялардын жана социалдык чөйрөнүн өнүгүүсүн эске алуу менен, билим берүү сапатынын кепилдигин камсыз кылуу боюнча төмөнкүлөрдөн турган сунуштарга ылайык жыл сайын жаңылап турууга милдеттүү:

- бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатын камсыз кылуу боюнча стратегияларды иштеп чыгуудан;
- билим берүү программаларын мезгил-мезгили менен рецензиялоого мониторинг жүргүзүүдөн;
- - тездетилген программаларга ылайык тиешелүү профилдеги жогорку кесиптик билим берүүнүн негизги билим берүү программасын иштеп чыгууга;
- окутуучулук курамдын сапатын жана компетенттүүлүгүн камсыз кылуудан;

- бардык ишке ашырылуучу билим берүү программаларын жетиштүү ресурстар менен камсыз кылуудан, аларды колдонуунун натыйжалуулугун контролдоодон, анын ичинде окуп жаткандарга сурамжылоо жүргүзүү жолу менен;

- өзүнүн ишин (стратегиясын) баалоо жана башка билим берүү уюмдары менен салыштыруу үчүн макулдашылган критерийлер боюнча өзүн-өзү изилдөөнү үзгүлтүксүз жүргүзүүдөн;

- коомчулукка өзүнүн ишининнатыйжалары, пландары, инновациялары жөнүндө маалымдоодон.

Практикаларды уюштурууга талаптар: **040104-«Социалдык патронаж»** адистиги боюнча окуу графигине ылайык практикалардын төмөнкү түрлөрү уюштурулат: окуу-тааныштыруу, ошондой эле окуу-өндүрүштүк жана квалификациялык – ишканалар менен келишимдер боюнча. Ар бир практика практика өтүү жөнүндөгү отчет менен аяктайт.

18. Кесиптик орто билим берүүнүн билим берүү программаларын ишке ашыруучу билим берүү уюмдары адистик боюнча негизги кесиптик билим берүү программасын өз алдынча иштеп чыгышат. Негизги кесиптик билим берүү программасы адистик боюнча тиешелүү Мамлекеттик билим берүү стандартынын, улуттук квалификациялык рамканын, тармактык/сектордук квалификациялык алкактардын жана кесиптик стандарттардын (эгерде бар болсо) негизинде түзүлөт.

Кесиптик орто билим берүүнүн билим берүү программаларын ишке ашыруучу билим берүү уюмдары негизги кесиптик билим берүү программасын илимдин, маданияттын, экономиканын, технологиянын жана социалдык чөйрөнүн өнүгүшүн эске алуу менен 5 жылда бир жолудан кем эмес жаңыртууга милдеттүү. Билим берүүнүн сапатын камсыз кылуу боюнча сунуштарды камтыйт:

- бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатын камсыз кылуу стратегиясын иштеп чыгууда;

- мониторингде, билим берүү программаларын мезгил-мезгили менен кароодо;

- так макулдашылган критерийлердин негизинде окуучулардын билиминин жана көндүмдөрүнүн деңгээлин, бүтүрүүчүлөрдүн компетенцияларын баалоонун объективдүү жол-жоболорун иштеп чыгууда;

- педагогикалык курамдын сапатын жана компетенттүүлүгүн камсыз кылууда;

- бардык ишке ашырылып жаткан билим берүү программаларын жетиштүү ресурстар менен камсыз кылууда, аларды пайдалануунун натыйжалуулугуна мониторинг жүргүзүүдө, анын ичинде угуучуларды сурамжылоо аркылуу;

- макулдашылган критерийлер боюнча үзгүлтүксүз өзүн-өзү текшерүүдө өзүнүн ишмердүүлүгүн (стратегиясын) баалоо жана башка билим берүү уюмдары менен салыштыруу;

- өзүнүн ишинин натыйжалары, пландары, жаңычылдыктары жөнүндө коомчулукка маалымдоодо.

19. Негизги кесиптик билим берүү программасын иштеп чыгууда кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюмунунбүтүрүүчүлөрдүн социалдык-инсандык компетенцияларын (мисалы, социалдык өз ара аракеттенүү компетенцияларын, өзүн-өзү уюштурууну жана системалык-иш мүнөзүндөгү өз алдынча башкарууну) түзүү мүмкүнчүлүктөрү аныкталышы керек. Кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюму төмөнкүлөргө милдеттүү:

-өзүнүн социалдык-маданий чөйрөсүн түзүүгө;

- инсандын ар тараптуу өнүгүүсүүчүн зарыл болгон шарттарды түзүүгө;

- студенттик өз алдынча башкарууну өнүктүрүүгө, студенттердин коомдук уюмдардын, спорттук жана чыгармачылык клубдардын, илимий студенттик коомдордун ишине катышуусун кошкондо, окуу процессинин социалдык-тарбиялык компонентин өнүктүрүүгө түрткү берүүгө;

- жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталган тартипте жүргүзүлөт.

20. Кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюмунун негизги кесиптик билим берүү программасы студенттин тандоосу боюнча сабактардын ар бир циклинин вариативдик бөлүгүнүн үчтөн биринен кем эмес көлөмдө сабактарды камтуусу керек. Студенттин тандоосу боюнча сабактарды түзүүнүн тартибин кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюмунун педагогикалык кеңеши белгилейт.

21. Кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюму төмөнкүлөргө милдеттүү:

- студенттердин өзүнүн окуу программасын түзүүгө катышуусунун реалдуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылууга;

- негизги кесиптик билим берүү программасын түзүүдө студенттерди алардын укуктары жана милдеттери менен тааныштырууга;

- студенттер тандап алган сабактар алар үчүн милдеттүү болуп калаарын, ал эми алардын жалпы эмгек сыйымдуулугу окуу планында каралгандан кем болбошу керектигин түшүндүрүүгө.

22. Студенттер тандоосу боюнча окуу сабактарын өздөштүрүүгө бөлүнгөн окуу убактысынын көлөмүнүн чегинде негизги кесиптик билим берүү программасында каралган конкреттүү сабактарды тандап алууга укуктуу.

23. Студенттер кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюму тарабынан негизги кесиптик билим берүү программасында каралган бардык тапшырмаларды белгиленген мөөнөттөрдө аткарууга милдеттүү.

24. Студенттер негизги кесиптик билим берүү программасын өздөштүрүүдө натыйжаларга жетишүү максатында студенттик өз алдынча башкарууну өнүктүрүүгө, коомдук уюмдардын, спорттук жана чыгармачылык клубдардын, илимий студенттик коомдордун ишине катышууга милдеттүү.

25. Студенттин окуу жүктөмүнүн максималдуу көлөмү анын аудиториялык жана аудиториядан тышкары (өз алдынча) окуу ишинин бардык түрлөрүн камтуу менен жумасына 45 саат болуп белгиленет.

Күндүзгү окуу формасындагыбир жумалык аудиториялык сабактардын көлөмү Мамлекеттик билим берүү стандарты мененаныкталат жана адистиктинөзгөчөлүгүн эске алуу менен, ар бир окуу сабагын үйрөнүүгө бөлүнгөн жалпы көлөмдүн 60 пайызынан ашпоосу керек.

26. Күндүзгү-сырттан (кечки) окуу формасында аудиториялык сабактардын көлөмү жумасына 16 сааттан кем болбошу керек.

Күндүзгү окуу формасы үчүн жумасына аудиториялык сабактардын көлөмү адистиктин өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен Мамлекеттик билим берүү стандарты тарабынан аныкталат жана ар бир окуу дисциплинасын окууга бөлүнгөн жалпы көлөмдүн 35 пайызынан кем эмесин түзөт.

Окуу дисциплинасы боюнча өз алдынча иштөөгө бөлүнгөн сааттарга ошол окуу дисциплинасы (модуль) боюнча экзаменге даярдануу үчүн каралган убакыт кирет.

27. Сырттан окуу формасында окутуучу менен сабак окуу мүмкүндүгү студентке жылына 150 сааттан кем эмес көлөмдө камсыз кылынуусу керек.

28. Окуу жылындагы эс алуу убагынын жалпы көлөмү 10 жуманы, анын ичинде кыш мезгилинде 2 жумадан кем эмести түзүүсү керек.

## 5-глава. Негизги кесиптик билим берүү программасына карата талаптар

29. **040104-«Социалдык патронаж»** адистиги боюнча бүтүрүүчү негизги кесиптик билим берүү программасынын максаттарына жана ушул Мамлекеттик билим берүү стандартынын 15-пунктунда көрсөтүлгөн кесиптик иштин милдеттерине ылайык төмөнкү компетенцияларга ээ болушу керек:

а)***жалпы(ЖК)*:**

ЖК1. Жеке ишин уюштуруу, кесиптик милдеттерди аткаруу усулунжана ыкмаларын тандоо, алардын натыйжалуулугун жана сапатын баалоо;

ЖК2. Көйгөйлөрдү чечүү, стандарттуу жана стандарттуу эмес жагдайларда чечим кабыл алуу, демилге кылуужана жоопкерчилик алуу;

ЖК3. Изденүү, кесиптик жана жеке өнүгүүсүндө,кесиптик милдеттерди натыйжалуу аткарууда керек болгон маалыматтычечмелөө жана пайдалануу;

ЖК4. Кесиптик иштериндемаалыматтык-коммуникациялык технологияларды колдонуу;

ЖК5. Командада иштей билүү, кесиптештери, жетекчилер жана кардарлар менен натыйжалуу мамиле түзө алуу;

ЖК6. Команда мүчөлөрүнүн (карамагындагы) иши жана аларды иш ордунда окутуу, тапшырмаларды аткаруунун жыйынтыгы үчүн жоопкерчилик алуу;

ЖК7. Өздүк жеке жана кесиптик өнүгүүсүн башкаруу, кесиптик иште эмгек шарттарынын жана технологиялардын өзгөрүүсүнө ыңгайлашуу;

ЖК8. Чакан жамаатта уюштуруу-башкаруу иштерине даяр болуу;

ЖК9. Кесиптик ишмердүүлүктөгү ар кандай кырдаалдарда эмоционалдык стабилдүүлүктү сактоо; оор кырдаалдарда эмоционалдык жана физикалык жүккө туруштук берүү;

ЖК10. Кардардын категориясына жана анын жүргөн/жашаган жерине карап кесиптик ишмердүүлүктүн ар кандай функцияларын тандоо жана ишке ашыруу.

б) кесиптик ишмердүүлүктүн негизги түрлөрүнө шайкеш келген***кесиптик компетенцияларга(КК)*****:**

**Уюштуруу-диагностикалык ишмердүүлүк** (муктаждыктарды баалоого жана пландоого катышуу):

КК1. Социалдык жардамга жана кызмат көрсөтүүлөргө муктаж болгон жарандарды аныктоого катышуу, жашоо-тиричиликтин оор кырдаалдарынын (ЖТОК) белгилерин аныктоо;

КК2. Инсандын/баланын жана анын үй-бүлөсүнүн муктаждыктарын баалоо инструменттерин пайдалануу, кардар менен социалдык колдоо көрсөтүүнүн жекече планын түзүүгө катышуу жана макулдашуу, бөлөк документацияларды толтуруу.

**Кардардын коомго социалдык интеграцияланышы**

КК3. Кардар менен ишенимге негизделген тыгыз байланыш түзүү, жеке ассистенттин социалдык патронаж боюнча ишмердүүлүгүн кесиптик этиканын ченемдерин жана принциптерин сактоо менен жүргүзүү;

КК4. Кардардын жакын курчоосундагы адамдар, туугандары менен байланышын шайкештирүү; кардардын бөлөк адамдар (кошуналар, тааныштар жана тааныш эместер, жергиликтүү, мамлекеттик жана коомдук мекемелердин жана уюмдардын өкүлдөрү) менен өз ара байлынышын жолго салуу;

КК5. Кардардын оң эмоционалдык абалын, активдүү жашоо-тиричиликке умтулушун, таанып билүү-чыгармачылык потенциалдуу мүмкүнчүлүктөрүн колдоого алуу, кардардын,анын ичинен оор кырдаалдардаэмоционалдык комфортун, камсыз кылуу максатында сөз

чеберчилигине ээ болуу; майыптуулуктун оор формаларына туш болгон балдарды тарбиялоо, багуу жана коргоо маселелери боюнча ата-энелеринин компетенттүүлүгүн өнүктүрүүгө шыктандыруу;

КК6. Социалдык патронаждын формаларын, усулдарын жана техникасынкардардын мүнөздөмөлөрүнө жана социалдык кырдаалга жараша тандоо жана пайдалануу; кардарга жана анын үй-бүлө мүчөлөрүнө, айрыкча майыптуулугу оор формадагы баланын өнүгүшү маселелери боюнча кеңеш берүүгө көмөктөшүү; улгайган адамдар, майыптуулугу бар адамдар менен иштөөнүн, кеңеш берүүнүн айрым техникаларын, терапиянычпайдалануу;

КК7. Социалдык патронаждын кардарларынын үйдө бош убактысын мазмундуу өткөрүүсүн уюштурууга катышуу, кардарды маданий иш-чаралар мезгилинде (концертке, театра, киного, көргөзмөгө, чыгармачыл сабактарга, кафеге ж.б.у.с. барганда) коштоп жүрүү; керектүү маалыматтык-ресурстук жардамды берүү;

КК8. Кардарга жалпы, кесиптик жана кошумча билим берүү системасында билим берүү ишмердүүлүгүнишке ашырууда колдоо көрсөтүү; кесипке багыттоо, кесиптик даярдоо, кайра даярдоо жана квалификацияны жогорулатуу боюнча акысыз кызматтарды алууга көмөктөшүү, кардарга мамлекеттик иш менен камсыз кылуу органдарынын ортомчулугу менен ылайыктуу жумуш табууга жана ишке жайгаштырууга көмөктөшүү.

**Социалдык кызмат көрсөтүүлөр:**

КК9. Инфраструктуранын, социалдык-маданий маанидеги, эс алуу жана бош убактысын өткөрүү объектилеринин жана жайларынын жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу жолу менен кардардын укуктарынишке ашыруу; ар кандай турмуштук кырдалдарда кардардынкадыр-баркын коргоо; анын үйдө жана сыртта коопсуздугун камсыз кылуу;

КК10. Кесиптик ишмердүүлүк үчүн юридикалык терминологияны жана ченемдик-укуктук базаны пайдалануу; кардарга керектүү маалыматты жыйноого, документтерди толтурууга, а.и. жеңилдиктерди, төлөмдөрдү, социалдык жардамдын башка түрлөрүн алууда; башка социалдык-укуктук жана социалдык-экономикалык маселелерди чечүүгө көмөктөшүү;

КК11. Керектүү тамак-аш азыктарын сатып алуу; дарыгердин көрсөтмөсү менен ден соолукка пайдалуу диета тамактарды даярдоо; кардарды тамактандыруу; кардарды алгачкы керектелүүчү өнөр-жай товарлары, санитария каражаттары, багуугигиенасы,дары-дармектер менен камсыздоо;

КК12. Кыймылсыз бейтаптардын жашоо шарттарын санитардык-гигиеналык ченемдерге ылайык кармоо жана багуу, санитардык-гигиеналык кызматтарды көрсөтүү, ошондой эле кардардын муктаждыктарына жараша башка социалдык-турмуш-тиричиликкызматтарын көрсөтүү;

КК13. Баштапкы кароо жүргүзүү, кароосуз калуунун белгилерин аныктоо жана минималдаштыруу/жоюу, ден соолугунун абалына байкоо жүргүзүү, ошондой эле медперсоналды үйгөчакыруу жана кардардын ден соолугунун абалы жөнүндө маалымдоо;

КК14. Алгачкы медициналык/медициналык-санитардык жардам берүү; паллиативдик жардам кызматтарын көрсөтүү.

**Социалдык-реабилитациялык ишмердүүлүк** (социалдык-реабилитациялык кызматтарды көрсөтүү):

КК15. Кардардын мобилдүүлүгүн камсыз кылуу, ага кыймыл-аракет активдүүлүгүн өнүктүрүүгө жардам берүү; адистерге медициналык-реабилитациялык колдоо көрсөтүүнүн тапшырмаларын ишке ашырууда (а.и.физиотерапевттик процедураларды, көнүгүүлөрдүн комплексин аткарууда) ассистенттик кылуу;күндүк режимдин сакталышына көзөмөл жасоо, реабилитациялык-медициналык жана санитардык-гигиеналык процедураларды аткаруу;

КК16. Анча татаал эмес саламаттыкты жакшыртуу-калыбына келтирүү процедураларын жасоо (массаж, ДДТ); кардарды сергек жашоо образына шыктандыруу, анын саламаттыгын жакшыртуу ишине колдоо көрсөтүү.

30. Кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасы төмөнкү окуу циклдерин үйрөнүүнү карайт:

1) жалпы гуманитардык цикл;
2) математикалык жана табигый илимдер цикли;
3) кесиптик цикл;

жана бөлүмдөр:

4) практика;
5) жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация;
6) дене тарбия.

31. Негизги кесиптик орто билим берүү программасы кесиптик билим берүү төмөнкү блокторду жана окуу циклдерин камтыйт:

1-блок "Дисциплиналар (модулдар)":

1) жалпы гуманитардык цикл;
2) математикалык жана табият таануу цикли;
3) кесиптик цикл;
4) дене тарбия;

2-блок "Практика";

3-блок "Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация".

Орто кесиптик-техникалык окуу жайы мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарына ылайык негизги билим берүү программасын иштеп чыгат жана улуттук квалификациялык рамкага ылайык окутуунун натыйжаларына жетишүү үчүн жооп берет.

Негизги билим берүү программасынын ар бир блогуна тиешелүү болгон дисциплиналардын (модулдардын) комплекси жана алардын эмгек сыйымдуулугу орто кесиптик билим берүү мекемеси аны өнүктүрүүнүн

натыйжаларына карата талаптарды эске алуу менен блок үчүн белгиленген көлөмдө өз алдынча улуттук квалификациялык рамкада каралган окутуунун натыйжаларынын жыйындысы түрүндө аныктайт.

Негизги кесиптик билим берүү программасы тизмеси жана эмгек сыйымдуулугу Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы тарабынан аныкталуучу жалпы гуманитардык циклдин милдеттүү дисциплиналарынын аткарылышын камсыз кылууга тийиш. Бул сабактардын мазмуну жана ишке ашыруу тартиби кийинки адистик боюнча орто кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартында белгиленет.

Кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасы ушул Үлгүгө тиркелген структурага ылайык иштелип чыгат.

32. Дисциплиндердин ар бир циклинин негизги (милдеттүү) жана тандоо бөлүктөрү болушу керек. Тандоо бөлүгү студенттердин билимин, көндүмдөрүн жана көндүмдөрүн кеңейтүүгө же тереңдетүүгө, базалык бөлүктүн дисциплиналарынын мазмуну менен аныкталган мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылууга тийиш. Тандоо бөлүгү ишке ашырылып жаткан кесиптик билим берүү программасынын өзгөчөлүктөрүнө жараша орто кесиптик билим берүү мекемеси тарабынан белгиленет. Милдеттүү бөлүктүн көлөмү мамлекеттик аттестациянын көлөмүн эсепке албаганда, негизги билим берүү программасынын жалпы көлөмүнүн 50 пайызынан ашпоого тийиш. Орто кесиптик билим берүү мекемеси ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдарга (алардын каалоосу боюнча) алардын психофизикалык өнүгүүсүнүн өзгөчөлүктөрүн, индивидуалдык мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен негизги билим берүү программасы боюнча окуу мүмкүнчүлүгүн берүүгө жана зарыл болгон учурда өнүгүүсүнүн бузулууларын коррекциялоону жана бул адамдардын социалдык адаптацияланышын камтуусу зарыл.

33. Адистиктин негизги кесиптик билим берүү программасын ишке ашырууну окутулуп жаткан дисциплинанын профилине ылайык келген базалык билими бар, илимий жана (же) илимий-методикалык иш менен системалуу түрдө алектенген профессордук-окутуучулук курам камсыз кылууга тийиш.

Профессионалдык циклдин окутуучулары тиешелүү адистик же окуу тармагы боюнча жогорку кесиптик билимге ээ болууга тийиш Окутуучулукка он жылдан ашык иш стажы бар адамдар, ошондой эле академиялык бакалавр даражасы бар адамдар жол берилет.

Билим берүү программасынын мугалимдеринин жалпы санында штаттык мугалимдердин үлүшү 80% кем болбошу керек. Мугалим/окуучунун катышы 1:12ден ашпашы керек.

34. Адистиктин негизги кесиптик билим берүү программасын ишке ашыруу ар бир студенттин негизги кесиптик билим берүү программасынын дисциплиналарынын толук тизмеси боюнча түзүлгөн

маалымат базаларына жана китепканалык фонддорго жетүү мүмкүнчүлүгүн камсыз кылууга тийиш. Кесиптик орто билим берүүнүн программаларын ишке ашыруучу билим берүү уюмунун билим берүү программасы калыптанып жаткан компетенцияларды эске алуу менен лабораториялык семинарларды жана практикалык көнүгүүлөрдү камтууга тийиш.

Студенттерди негизги кесиптик билим берүү программасын ишке ашыруу үчүн зарыл болгон окуу адабияттары жана/же электрондук адабияттар менен камсыз кылуу стандартка ылайык келүүгө тийиш: окуу китептери – бир студентке 0,5 нуска, лабораториялык, практикалык жана курстук иштер үчүн усулдук көрсөтмөлөр – бир студентке 1 нуска. Билим берүү маалымат булактары заманбап талаптарга жооп бериши керек. Окуу процессинде мыйзам актылары, ченемдик документтер, кесиптик багыттагы мезгилдүү басылмалардын материалдары колдонулушу керек.

Милдеттүү окуу китептери жана окуу-методикалык колдонмолор ОКББ Мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарынын негизинде иш программалары менен аныкталат. Окуу китептери катары лекция конспекттеринин көчүрмөлөрү, электрондук окуу китептери колдонулушу мүмкүн.

Окуу жана окуу-методикалык адабияттар төмөнкүлөргө ылайык болушу керек:

- Акыркы 5 жылда жарык көргөн гуманитардык жана социалдык-экономикалык дисциплиналар.

- акыркы 10 жылда жарык көргөн математикалык жана табият таануу, кесиптик жана атайын дисциплиналар.

- кесиптик циклдин мугалимдеринин курамынын сапатын баалоодо 10 жылдан ашык стажы бар өндүрүштүк кызматкерлер эске алынат.

Дистанттык окутуу технологияларын колдонуу үчүн электрондук окуу-методикалык камсыздоо 100% болушу керек.

35. **040104-«Социалдык патронаж»** адистиги боюнча орто кесиптик билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюму Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2011-жылдын 20-декабрындагы № 159 токтомунда каралган студенттерди лабораториялык, дисциплинардык жана дисциплиналар аралык окутуунун бардык түрлөрүн, практикалык окутууну камсыз кылуучу материалдык-техникалык базага ээ болууга тийиш. Орто кесиптик билим берүүнүн программаларын ишке ашыруучу билим берүү уюмунун окуу планы, учурдагы санитардык жана өрткө каршы эрежелерге жана ченемдерге, ошондой эле окуунун техникалык каражаттары менен жабдуу боюнча ченемдик талаптарга - окуучу/компьютер катышы, окуучу/жабдуу ж.б. Эки сменалык сабактарды эсепке алуу менен бир окуучуга пайдалуу аянт 7 чарчы метрден кем эмес болушу керек.

**Кааналардын, лабораториялардын, башка бөлмөлөрдүн**

**БОЛЖОЛДУУ ТИЗМЕСИ**

**жана аларды жабдуу**

**а) жалпы билим берүү циклин ишке ашыруу үчүн:**

- Кыргыз тили жана кыргыз адабияты (көрсөтмө куралдар, сөздүк);
- Орус тили жана орус адабияты (көрсөтмө куралдар, сөздүк);
- Чет тили (көрсөтмө куралдар, сөздүк, интернетке туташтырылган персоналдык компьютер (1:1));
- Математика (көрсөтмө куралдар)
- Информатика (көрсөтмө куралдар, персоналдык компьютер 1:1);
- Кыргызстан тарыхы (көрсөтмө куралдар)
- Манас таануу (көрсөтмө куралдар, «Манас» - бардык томдору);
- Тарых (көрсөтмө куралдар);
- География жана экология (көрсөтмө куралдар, дүйнөнүнкартасы);
- Физика (көрсөтмө куралдар, приборлор);
- Химия (көрсөтмө куралдар, приборлор);
- БАД(көрсөтмө куралдар);
- Социалдык-экономикалык дисциплиналар (көрсөтмө куралдар).

**б) кесиптик циклдиишке ашыруу үчүн:**

- Лаборатория төмөнкү шаймандар менен жабдылышы керек: легатека, коляска, протездердин, ортездердин, балдактардын бардык түрлөрү, ходунок, Брайльазбукасы жана башкалар;
- тренинг сабактар үчүн студиялар;
- ресурстук борборлор.

**Жалпы бөлмөлөр:**

- спорттукзал;
- китепкана(электрондук китепкана), интернетке туташтырылган окуу залы (1:1);
- актыларзалы;
- ашкана;
- медпункт.

36. Бүтүрүү квалификациялык иштердин мазмунуна, көлөмүнө жана түзүмүнө талаптар Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталуучу орто кесиптик билим берүүнүн окуу жайынын бүтүрүүчүлөрүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоону өткөрүүнүн тартибин эске алуу менен орто кесиптик билим берүү мекемеси тарабынан аныкталат. Кыргыз Республикасынын.”; - жогоруда көрсөтүлгөн Тартиптин тиркемеси ушул тиркемеге ылайык редакцияда баяндалсын.

Тиркеме 1

**040104 - «Социалдык патронаж» адистиги боюнча орто кесиптик билим берүүсүнүн негизги кесиптик билим берүү программасынынтүзүмү**

| | Окуу циклдери жана аларды өздөштүрүүнүн долбоорлонгон натыйжалары | Эмгек сыйымдуулугу, кредиттер (зачеттук бирдиктер) 1 жыл 10 ай | Үлгү болуучу программаларды, окуу китептерин жана окуу куралдарын иштеп чыгуу үчүн сабактардын тизмеси | Калыптануучу компетенция-лардын коддору |
|---|---|---|---|---|
| **1** | **Жалпы гуманитардык цикл** | **18** | | |
| | **Базалык бөлүк** | **15** | | |
| | Циклдин базалык бөлүгүн окуп үйрөнүүнүн натыйжасында студент:<br>- ***билүүсү керек;***<br>- кыргыз, орус жана чет тилдери боюнча окуу, жазуу жана кесиптик багыттагы сөздөрдү сөздүк менен которуу үчүн керектүү лексикалык (1000-1200 лексикалык бирдик) жана грамматикалык минимумду;<br>- расмий-кызматтык жазуу ченемдерин;<br>- тексттик маалыматты кайра иштетүүнүннегизги жолдорун;<br>- кызматтык документтерди толтуруунун негизги эрежелерин;<br>- улуу кыргыз жазуучуларынын жана акындарынын чыгармаларын жана өмүр-баянын;<br>- Кыргызстандын тарыхый өнүгүүсүнүн мыйзам ченемдүүлүктөрүн, анын дүйнөлүк коомчулуктагы ордун;<br>- адамдын жана коомдун жашоосундагы «Манас» эпосунун идеяларын, мазмунун, каармандарын; кыргыздардын «Манас» эпосундагы тарыхын;<br>- адам менен коомдун; адам менен жаратылыштын өз ара | | | ЖК1 – ЖК8 (*) |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | байланышынын негизги мыйзам ченемдүүлүктөрүн.<br>- ***жасай билүүсү керек;***<br>- кесиптик жана күнүмдүк темаларга өзүнүн оюн кыргыз, орус жана чет тилдеринде жазуу жана оозеки түрдө логикалык жактан туура, аргументтеп жана ачык билдирүү;<br>- жазуу жана оозеки кебин өз алдынча өркүндөтүү, сөздүк запасын толуктоо;<br>- кыргыз, орус жана чет тилдеринде кесиптик багыттагы тексттерди сөздүк менен которуу;<br>- кыргыз, орус жана чет тилдеринде диалог, монолог жасоо;<br>- чыгарманын башкы идеясын бөлүп көрсөтүү, жазуучулардын жана акындардын чыгармачылыгы боюнча тезистик план түзүү, баш каармандарга мүнөздөмө берүү;<br>- тарыхый процесстин себеп-натыйжа байланыштарын жана мыйзам ченемдүүлүктөрүн ачып көрсөтүү, талдоо;<br>- оозеки элдик чыгармачылыктын, адамзаттын эпикалык мурастарынын шедеврлеринин арасында «Манас» эпосунун ордун жана маанисин түшүндүрүү;<br>- «Манас» эпосунун идеяларын жашоо-ишмердүүлүкпроцессинде колдонуу;<br>- ***ээ болуусу керек;***<br>- кыргыз, орус жана чет тилдеринде баарлашуу маданияты көндүмдөрүнө;<br>- натыйжалуу коммуникация методикасына;<br>- ар кандай тексттерди лингвистикалык талдоо көндүмдөрүнө;<br>- кыргыз, орус жана чет тилдеринде сабаттуу жазуу жана оозеки сүйлөө көндүмдөрүнө;<br>- окуп чыккан чыгармаларды талдоо көндүмдөрүнө,чыгарманын темасын, идеясын, композициясын, сюжетин ачып көрсөтүү, каармандардын аракеттерин талдоожөндөмүнө;<br>- тарыхый адабияттар, эстеликтерди иликтөө жана ата мекен | | | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | тарыхынын булактары менен иштөө көндүмдөрүнө;<br>- тарыхый окуяларды талдоо усулдарына жана ыкмаларына;<br>-өз алдынча иш жана өзүн-өзү уюштуруу көндүмдөрүнө;<br>- алынган билимдерди билим берүү жана кесиптик ишмердүүлүк маселелерин чечүү процессинде колдонуу жөндөмүнө | | | |
| | **Вариативдик бөлүк** | **3** | | |
| **2** | **Математикалык жана табигый илимдер цикли** | **6** | | |
| | **Базалык бөлүк** | **4** | | |
| | Циклдин базалык бөлүгүн окуп үйрөнүүнүн натыйжасында студент:<br>- ***билүүсү керек;***<br>- маалыматты математикалык иштетүүнүн негизги ыкмаларын;<br>- математикалык ой жүгүртүүнүн жана далилдөөнүн принциптерин;<br>- эсептөө системаларын;<br>математикалык статистиканын усулдарын;<br>- алгебранын жана геометриянын негиздерин;<br>- маалымат жыйноонун, иштетүүнүн жана берүүнүнзаманбап технологияларынын негиздерин;<br>- кесиптик ишмердүүлүккө керектүү стандарттуу программалык камсыздоону;<br>- керектүү маалыматты табуу үчүн издөө системаларынын түрлөрүн;<br>- жалпы жана кесиптик маалыматты издөө, системага салуу жана иштетүү усулдарын жана каражаттарын;<br>- коопсуздук техникасынынэрежелеринжана МКТ каражаттарын кесиптик ишмердүүлүктө пайдалануудагыгигиеналык сунуштамаларды;<br>- кесиптик ишмердүүлүктү, кесиптик жана инсандык өнүгүү мүмкүнчүлүктөрүнөркүндөтүүүчүн Интернет тармагынын ресурстарынпайдаланууну; | | | ЖК1 – ЖК8 (*) |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | ***- жасай билүүсү керек;***<br>- кесиптик маселени чечүү үчүн математикалык усулдарды колдонуу;<br>- жакындаштырылган эсептөөлөрдү аткаруу;<br>- маалыматты жана изилдөөнүн натыйжаларын элементардык статистикалык иштетүү жүргүзүү, алынган маалыматтарды график түрүндө берүү;<br>- кесиптик ишмердүүлүктө маалыматтарды жыйноо, иштетүү жана талдоо үчүнзаманбап маалыматтык-коммуникациялык технологияларды (колдонмо программалар пакеттерин, локалдык жана глобалдык компьютер тармактарын) пайдалануу;<br>- кесиптик ишмердүүлүктө МКТ каражаттарын пайдаланууда коопсуздук техникасынын эрежелерин жана гигиеналык сунуштамаларды сактоо;<br>- кесиптик ишмердүүлүктөсервистерди жана Интернет тармагынынмаалыматтык ресурстарын пайдалануу.<br>***- ээ болуусу керек;***<br>- маалыматты математикалык иштетүүнүннегизги усулдарына;<br>- математикалык логиканын усулдарына;<br>- жалпы жана кесиптик маанидеги программалык каражаттар менен иштин көндүмдөрүнө;<br>- кесиптик ишмердүүлүктүн тийиштүү чөйрөлөрүндө маалымат жыйноо жана иштетүүкөндүмдөрүнө. | | | |
| | **Вариативдик бөлүк** | **2** | | |
| **3** | **Кесиптик цикл** | **75** | | |
| | **Базалык бөлүк** | **60** | | |
| | Циклдин базалык бөлүгүн окуп үйрөнүүнүн натыйжасында студент:<br>***- билүүсү керек;***<br>• социалдык патронаждын маңызын, спецификасын, максаттарын жана маселелерин; патронаждык | | | ЖК1 – ЖК10,<br>КК1 – КК16 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | иштинтүрлөрүн;<br>• кесиптик ишмердүүлүктүн максатын жана функцияларын, жеке ассистенттин укуктарын жана милдеттерин;<br>• социалдык иштин калыптанышынын жана өнүгүшүнүн негизги тарыхый этаптарын;<br>• социалдык иштин базалык технологияларынын(алдын алуу, терапия, түзөтүү, калыбына келтирүү) маңызын жана спецификасын;<br>• социалдык патронаждынтеориялык-усулдук негиздерин;<br>• социалдык патронаждын негизине салынганпсихология, педагогика жана социология теорияларын;<br>• социалдык патронаж процессин технологиялаштыруунун негиздерин;<br>• социалдык патронаждын ар түрдүү кардарлары менен иштөөнүн технологияларынжана методикасын;<br>• муктаждыктарды баалоонун максатын, көрсөткүчтөрүн, индикаторлорун; майыптуулук формасы оор, катуу ооруган адамдардын жана улгайган жарандардынмуктаждыктарын баалоонунспецификасын жана шаймандарын;<br>• жашы улгайганадамдардын муктаждыктарын жана көйгөйлөрүн; жашоо-тиричиликтин оор кырдаалдарында аларды мүмкүн болушунча азайтуу жолдорун;<br>• майыптуулугу бар адамдардын нозологияларынын түрлөрүнжана аларды реабилитациялоо жолдорун;<br>• үйдө ооругандарды багууну уюштуруу принциптерин;<br>• майыптуулуктун социалдык булактарын, себептерин, түрлөрүн;<br>• майыптуулугу бар балдардын жана жаштардын өзгөчөлүктөрүн, муктаждыктарын,көйгөйлөрүн жана алар менен иштөөнүн формаларын;<br>• кардарды тейлөөнүн/реабилитациялоонун жекече планынын түзүмүн жана түзүү өзгөчөлүктөрүн; | | | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | • жүрүм-турумдун кесиптик-этикалык ченемдерин, баарлашуу этикасын;<br>• адамдар, топтор менен өз ара байланыштарда чыр-чатактардын / карама-каршылыктардын алдын алуужана жоюу жолдорун жана ыкмаларын;<br>• кесиптик ишмердүүлүктүнченемдик-укуктук базасын;<br>• майыптуулугу бар адамдардын укуктарын; кардардын укуктарын коргоо жолдорун; бирдей мүмкүнчүлүктөрдү, тоскоолдуксуз мейкиндикти камсыздоонунстандарттуу эрежелерин жана ченемдерин;<br>• социалдык патронажда колдонулганпедагогикалык усулдарды;<br>• психодиагностиканын, психотерапиянын, кеңеш берүүнүн негиздерин, социалдык патронаждагы психологиялык усулдарын базалык усул катары пайдалануунун маңызын жана спецификасын;<br>• ден соолуктун жана оорунун социалдык шартталууфакторлорун;<br>• паллиативдик жардамдын принциптерин, айыккыс ооруга чалдыккандардын жашоосунун сапатын жакшыртуунун негиздерин;<br>• майыптуулугу бар кардарларды реабилитациялоо процессинин принциптерин жана түзүүчүлөрүн, аны ишке ашыруу методикасын;<br>• туура тамактануунун негиздерин жана мүнөздөмөлөрүн; тамак-аш азыктарынын мүнөздөмөлөрүн жана алардын шайкештигин; кулинариянын жана диетологиянын негиздерин; тамак даярдоо эрежелерин; тамак-аш азыктарын сактоо мөөнөттөрүн жана шарттарын; ден соолукка пайдалуу тамактарды даярдоо рецепттерин;<br>• жеке ассистенттин кардарды үйдөн тышкары коштоп жүргөн мезгилдеги жүрүм-турумун; аймактынин фраструктурасын жана социалдык объектисин (а.и. жүргөн | | | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | маршрутта пандустардын, лифттердин жайгашуусун);<br>• кардардын документтерин толтуруу үчүн керектүү маалыматтарды жыйноо жана иштетүү эрежелерин;<br>• эмгекти коргоо талаптарын, өзгөчө кырдаалдардаарakettenүү тартибин, өрт коопсуздук чараларын;<br>• санитарияменен гигиенанын негиздерин; багуунун санитардык-гигиеналык нормаларын; жуучу жана тазалоочу каражаттарды пайдалануурэрежелерин;<br>• майыптуулугу оор формадагы адамдарды багуунун өзгөчөлүктөрүн;<br>• майыптуулугубар адамды оодаруу, көтөрүү, ордун которуу, ордунан жылганда мезгилде кармоо техникасын;<br>• ритуалдык кызматтарды көрсөтүү боюнча инфраструктураны; ритуалдык кызматтардын тизмесин, ритуалдык кызматтарды уюштуруунунөзгөчөлүктөрүн;<br>• градусникти, тонометрди пайдалануу эрежелерин; медперсоналды чакыруу үчүн телефонномерлерин жана байланыштын башка түрлөрүн; медициналык маанидеги нерселерди алуу үчүн дарыканалардын/сатылган жерлердин жайгашуусун;<br>• алгачкы медициналык-санитардык жардам көрсөтүү тартибин;<br>• дарыларды ичирүүэрежелерин; тамчылатуу, ороп-таңуу методикасын;<br>• кыймылдагандагы, процедураларды аткаргандагыкоопсуздук эрежелерин; эрготерапия менен физиотерапиянын жөнөкөй ыкмаларын жана шаймандарын;<br>• анатомиянын жана физиологиянынnегиздерин;<br>• абилитациянын жана реабилитациянынбазалык процесстерин; реабилитациялоо үчүн техникалык каражаттардын түрлөрүн;<br>• сергек жашоо образынын мүнөздөмөлөрүн; ден соолукту | | | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | чыңдоого шарт түзгөн күн тартибин;<br>• кардардын сергек жашоо образына, саламаттыгын чыңдоого өбөлгө түзгөн жергиликтүүинфраструктураны жана социалдык объектилерди;<br>• активдүүтурмуш-тиричиликмүнөздөмөлөрүн; позитивдүү ой жүгүртүү ыкмаларын;<br>• кардарлар, айрыкчамайыптуулугу бар балдар жана алардын ата-энелери менен иштөөнүн активдүү жашоо ишмердүүлүккө жана позитивдик маанайга шарт түзгөн формаларын, усулдарын, жолдорун;<br>• кардардын жана анын жакындарынын, коомчулуктун инсандык жана кесиптик кызыкчылыктарын, күчтүү жактарын/ресурстарды;<br>• ата-энелердин компетенциясынынмаңызын жана көрсөткүчтөрүн; майыптуулугу оор формадагы балдардыбагуунун өзгөчөлүктөрүн; майыптуулугу бар балдарды тарбиялоо ыкмаларын жана жолдорун;<br>• биргелешкен (ата-энелер жана балдар менен) чыгармачыл сабактар үчүн декоративдик-көркөм ишмердүүлүктүн айрым техникаларын;<br>• кесиптик компетенттүүлүктү жогорулатуу жолдорун;<br>• социалдык патронаждагымаалыматтык-коммуникативдик технологиялардын мүмкүнчүлүктөрүн;<br>• ишмердүүлүгүсоциалдык жардамга муктаж болгон инсандарга, үй-бүлөлөргө жардам берүүгө багытталган, жана социалдык патронатта пайдаланылышы мүмкүн болгон мамлекеттик мекемелердин жана коомдук уюмдардынтизмесин жана негизги функцияларын;<br>• ортомчулуктун маңызын жана ролун; ортомчулук, башка адистерди тартуупроцедурасын жана эрежелерин;<br>***- жасай билүүсү керек;***<br>• социалдык иштин теориясынын билимдерин жекеассистенттинпрактикалык | | | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | ишмердүүлүгүндөпайдалануу;<br>• жеке ассистенттин кесиптик ишмердүүлүгүнүн негизги түрлөрүн жүргүзүү; жарандардын үйлөрүндө, мекемелерде жана коомчулукта кесиптик функцияларды аткаруу;<br>• кардар жана анын жакынкы курчоосу менен ишенимге негизделген байланыш түзүү;<br>• натыйжалуу социалдык өз ара аракеттешүүнү, социалдык тейлөө, патронажпроцессинин катышуучуларынын натыйжалуу кесиптик коммуникациясына колдоо көрсөтүү;<br>• жүрүм-турумдун кесиптик-этикалык нормаларын сактоо;<br>• кардар жөнүндө маалымат топтоо усулдарынпайдалануу (байкоо жүргүзүү, баарлашуу); жактардан, алардын ата- энелеринен же мыйзамдуу өкүлдөрүнөнжекече өзгөчөлүктөрү жөнүндө маалымат алуу;<br>• кардар менен тейлөөнү/реабилитациялоонунжекече планын түзүү жана макулдашуу;<br>• кардарга түшүнүү менен мамиле кылуу, социалдык-инсандык компетенцияларды(эмпатия, толеранттуулук, ак ниеттүүлүк, оптимисттүүлүкж.б. көрсөтүү;<br>• ар кандай кырдаалда жана кардардын абалдарында эмоционалдык стабилдүүлүктү көрсөтүү;<br>• чыр чатактардын/карама-каршылыктардын алдын алуу жана жоюу;<br>• керектүү учурда кардардын спецификалык кризистик көйгөйлөрүн чечүүгө багытталган ыкчам жана өзгөчө кырдаалдагы жардам берүү;<br>• кардардын укуктарын бузуу фактысын аныктоо; кардардын укуктары системалуу түрдө бузулган учурда жардам сурап кайрылуу;<br>• документтерди толтуруу үчүн керектүү | | | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | маалыматтыжыйноо; документ толтурууга жардам берүү;<br>• тийиштүү адистерденюридикалык жардам жана башка социалдык-укуктук кызматтарды алууга көмөктөшүү;<br>• социалдык патронаж жүргүзүү маселесин аткаруу үчүн кардар жашаган жердин инфраструктурасын талдоо; майыптуулугу бар адамдар үчүн инфраструктураобъектилеринин жана транспорттук коммуникациялардын жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу; жылып жүрүүнүн заманбап техникалык каражаттарын пайдалануу;<br>• чөйрөнүн майыптуулугу бар адамдардын муктаждыктарынаыңгайлашуусуна шарт түзүү;<br>• кардар менен сергек жашоо образы, жаман адаттардан арылуу жөнүндө баарлашып туруу;<br>• кардарды сейилдөөгө, сергек жашоо образына, саламаттыкты чыңдоого шарт түзгөн жерлерге жана социалдык объектилерге барууга кызыктыруу;<br>• патологиялык психикалык абалдын, депрессиянын, стресс абалынын тышкы көрүнүштөрүнө көз салуу;<br>• кардардын психологиялык жардам алуугамуктаждыктарын аныктоо;<br>• кардарды психологиялык маселелер, а.и. майыптуулугу бар баланын өнүгүүсү боюнча кеңеш алууга шыктандыруу;<br>• кардаргаал каза болгонго чейин, тынч, мүмкүн болушунча активдүү жашагандайморалдык-руханий жана психологиялык колдоо көрсөтүү; өлүмгө адамдын өмүр жолундагы мыйзам ченемдүү этап катары мамиле кылууга үйрөтүү;<br>• кардар ооруган мезгилде, оор жоготуулар мезгилинде жакындарына колдоо көрсөтүү;<br>• жеке мүмкүнчүлүктөрдү түзүү жана пайдалануу маселелери боюнча баарлашуу, дискуссия, талкуу жүргүзүү; | | | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | кардардын жаңы ишмердүүлүккө, жаңы байланыштардытүзүү мүмкүнчүлүктөрүнө стимул жасоо;<br>• арт-терапиятехнологияларынын элементтерин(жомок-терапия, музыка-терапия, бий терапиясы); көркөм чыгармачылыктын жөнөкөй техникасын аткаруу (манжалар менен сүрөт тартуу, кол менен буюмдарды жасоо, аппликация ж.б.у.с.) пайдалануу;<br>• кардаргажалпы, кесиптик жана кошумча билим берүү системасындабилим берүү ишмердүүлүгүн ишке ашырууга колдоо көрсөтүү;<br>• ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген жаштардын жеке жана кесиптик өнүгүүсүнө стимул түзүү;<br>• улгайган жарандарды руханий жактан өркүндөтүү ишмердүүлүгүнуюштурууга шарт түзүү;<br>• социалдык патронаждапедагогикалык усулдарды (шыктандыруу, ынандыруу, мисал кылуу, үйрөтүү, оюндар ж.б.) пайдалануу;<br>• социалдык патронаждын кардарлары менен иштөөдө психодиагностиканын, психокоррекциянын, психотерапиянын элементтеринпайдалануу;<br>• социалдык патронаждын жүрүшүндө экономикалык, маданий-билим берүү, психосоциалдык, медициналык мүнөздөгү маселелерди комплекстүү чечүү;<br>•кардардын өнүгүшүжанаинсандын социалдашуусу үчүн жагымдуу педагогикалык шарттарды түзүү;<br>• кардарга маданий интеграциянын мааниси жөнүндө айтып берүү, коомдун турмушуна кардардын муктаждыктарына жана мүмкүнчүлүктөрүнө ылайык катышуунун варианттарын тандоо;<br>• кардар үчүн мүмкүн болгон маданий-агартуу иш-чаралары боюнча маалыматтарды табуу жана жеткирүү,маданий иш-чаралар мезгилинде маалыматты тактоо/кайталоо; техникалык шаймандарды пайдаланууга | | | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | жардам берүү (кулакка тыкма, көркөм-чыгармачылык шаймандары), кардар менен баарлашуу, иш-чаралардыннатыйжаларынталкуулоо, таасирлер менен бөлүшүү;<br>• балдарга педагогикалык жана социалдык-педагогикалык көмөк көрсөтүүмаксатында ата-энелер менеништөөнүн артүрдүү формаларын жана усулдарынпайдалануу (баарлашуу, кеңеш берүү, жолугушуу, чыгармачыл сабактар ж.б.); майыптуулугу бар балдар менен тарбиялык жана өнүктүрүүчү сабактарды өткөрүүгө жардам берүү; мүмкүнчүлүккө жараша ата-энелерди өсүп келе жаткан инсанды тарбиялоо, өнүктүрүү, социалдаштыруу боюнча усулдук жана популярдуу адабияттар менен камсыз кылуу;<br>• майыптуулугу бар балдарга социалдык-турмуш-тиричилик шарттарына баштапкы ыңгайлашууга жардам берүү;<br>• ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын багыттамасы менен кесипке багыттоо, кесиптик даярдоо, кайра даярдоо жана квалификациянызжогорулатуу боюнча акысыз кызматтарды алууга көмөктөшүү;<br>• кардарды иш менен камсыз кылуумаселесин чечүүдөКыргыз Республикасынын мыйзамдарын колдонуу; кардарга мамлекеттик иш менен камсыз кылуу органдарынын ортомчулугу менен ылайыктуу иш табууга жана ишке жайгаштырууга көмөктөшүү; бош орундар жарманкесине катышуу;<br>• социалдык тейлөө, социалдык жардам алуу үчүндокументтерди толтурууга көмөктөшүү;<br>• кардарды ПК, Интернетти өздөштүрүүгө шыктандыруу;<br>• социалдык патронаждын максатын, алсак, жеке ассистенттинкесиптик ишмердүүлүгүн,жеке ассистенттин мүмкүнчүлүктөрүн айтып берүү; | | | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | • өздүк иштин мыкты тажрыйбасы боюнча жалпы маалымат даярдоо;социалдык патронаждын алдыңкы тажрыйбасынпайдалануу;<br>• жеке ассистент кесибинин жеке оң имиджин жана жалпы эле имиджин түзүү жана кармануу;<br>***- ээ болуусу керек;***<br>• социалдык патронаж чөйрөсүндө кубулуштар менен процесстерди талдоометодикаларына;<br>• кардар жана анын социалдык абалы жөнүндө маалыматты жыйноо, чечмелөө усулдарына;<br>• социалдык патронаж чөйрөсүндөгү коммуникативдик техникаларга;<br>• кардарлар жана кесиптештер менен кесиптик өз ара байланышуунуннегизги көндүмдөрүнө;<br>• кардарды кайра даректөө жана ар кайсы тармактардын адистерин тартуу ыкмаларына;<br>• адамдардын/үй-бүлөлөрдүн муктаждыктарын баалоонун айрым шаймандарына;<br>• кардарды шыктандыруу, а.и. жеке ассистенттен жардам алууга жана кызматташууга макулдук берүүгө шыктандыруу көндүмдөрүнө;<br>• кардарды жашоо-тиричиликтин оор кырдаалынан алып чыгуу боюнча аракеттердин планыныштеп чыгуу жана ишке ашыруу жөндөмүнө;<br>• кардардын коопсуздугун камсыз кылууга көмөктөшүү(полиция чакыруу, кардаргажашоо-тиричиликкоопсуздугун камсыз кылуунуннегизги эрежелерин түшүндүрүү) көндүмдөрүнө;<br>• өзүнүн кесиптик позициясынаргументтештирүү жана коргоокөндүмдөрүнө;<br>• улгайган жарандарга, майыптуулугу бар адамдарга, катуу ооругандарга даректүү жекече жардам берүү көндүмдөрүнө; | | | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | • кардардын муктаждыктарына ылайык пайдалуу азыктарды, алгачкы керектелүүчү өнөр-жай товарларын, санитария жана гигиена, өзүн-өзү кароо каражаттарын тандоого жана сатып алуугажардам берүү;сатып алуулар жана төлөөлөр жөнүндө финансылык отчетуулук жүргүзүүкөндүмдөрүнө;<br>• кардарга пайдалуу тамак-аш даярдоо жана берүү; тамактандыруукөндүмдөрүнө;<br>• идиш жуу; бөлмөнү тазалоо; тазалоочу каражаттарды, турмуш-тиричилик техникасын пайдалануу; буюмдарды жууп-тазалоого, химиялык тазалоого, оңдоп-түзөөгө берүү процедурасын ишке ашыруукөндүмдөрүнө;<br>• кардардын шейшептерин жана кийимдерин алмаштыруу; жуунтуу жана кийиндирүүкөндүмдөрүнө;<br>• кардарды оодаруу, отургузуу, көтөрүү; жылып жүрүүнүн техникалык каражаттарына (майыптар арабасына) отургузуу; жылып жүрүүнүн заманбап каражаттарын пайдалануу;кардардын жылып жүрүүсүнө жардам берүү көндүмдөрүнө;<br>• кардарга каратаритуалдык кызматтардыуюштурууга жана көрсөтүүгөкатышуу көндүмдөрүнө;<br>• пульс, температура, артериалдык кан басымды өлчөө; медперсоналды чакыруу зарылдыгын аныктоо; кардардын ден соолугунун абалы жөнүндө маалыматтарды туура берүү көндүмдөрүнө;<br>• рецепттерди окуу жана түшүнүү; дары-дармектердин нускамасынинтернеттен издөө; дары-дармектерди жанамедициналык маанидегибуюмдардысатып алуукөндүмдөрүнө;<br>• дарыны белгиленген график менен берүү; дарыны ичип жатканына көз салуу көндүмдөрүнө;<br>• алгачкы медициналык-санитардык жардам көрсөтүү;дары тамчылатуу; таңууну алмаштыруу, компресс | | | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | жасоо ж.б.у.с. көндүмдөргө;<br>• адистердин (физиотерапевттин, эрготерапевттин)көрсөтмөлөрү менен татаал эмес процедураларды, жөнөкөй массаж жасоо; реабилитация жана абилитация процедураларын жасоо үчүн шарттарды түзүү көндүмдөрүнө;<br>• дарыгердин көрсөтмөсү менен медициналык процедураларды жасоого жардам берүү көндүмдөрүнө;<br>• кардардынкүн тартибинин, өздүк гигиена эрежелерининаткарылышына көзөмөл кылуу көндүмдөрүнө;<br>•төшөктө жаткан оорулуулар жана майыптуулугу бар адамдарүчүн даараткканауюштуруу көндүмдөрүнө;<br>• дарылык дене тарбиясабактарын жана ден соолукту чыңдоо процедураларын жүргүзүү ыкмаларына;<br>• кардардыанын жашына жана ооруларына жараша өзүн-өзү тейлөө көндүмдөрүнө үйрөтүү ыкмаларына жана усулдарына;<br>• майыптуулугу бар кардарлардын ден соолугун жана физикалык абалын жакшыртуу ыкмаларына;<br>• кардарларга социалдык кызматтарды көрсөтүүчү уюмдаргакат жолдоо, актыларды, кайрылууларды жазуу көндүмдөрүнө;<br>• реабилитациялоо, адаптациялоо маселелери боюнча гезит, журналдарды, башка агартуучу адабияттарды, социалдык рекламаны тандоо жана үн чыгарып окуу көндүмдөрүнө;<br>• кат жазууга, каттарды окууга жардам берүү; кардардын эсебинен почта корреспонденциясын жөнөтүүкөндүмдөрүнө;<br>• социалдык патронаж көйгөйлөрүнө коомчулуктун көңүлүн буруу көндүмдөрүнө;<br>• маалыматтык-коммуникативдик ишмердүүлүк көндүмдөрүнө; | | | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | • кесиптик ишмердүүлүктөгү оор кырдаалдарда жүрүм-турумдунэтикалык нормаларына;<br>• өзүн-өзү өнүктүрүү, квалификациясынжогорулатуу жана кесиптик өнөрчүлүк көндүмдөрүнө. | | | |
| | **Вариативдик бөлүк (билимдер, билгичтиктер, көндүмдөр кесиптик орто окуу жайдын негизги кесиптик билим берүү программасы менен аныкталат)** | **15** | | |
| **4** | **Практикалар (практикалык билгичтиктер жана көндүмдөр кесиптик орто окуу жайынын негизги кесиптик билим берүү программасы менен аныкталат** | **15** | | |
| **5** | **Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация** | **6** | | |
| **6** | **Дене тарбия (көрсөтүлгөн семестрлерде жумасына 2 сааттан)** | **3-5 семестрлер** | | |
| | **Билим берүү программасынын жалпы эмгек сыйымдуулугу** | **120** | | |

2-тиркеме
Кыргыз Республикасынын
орто кесиптик
билим берүүнүн мамлекеттик
стандартынын Макетине

## Орто кесиптик билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасынын структурасы

| **Орто кесиптик билим берүүнүн негизги билим берүү программасынын түзүмү** | | **Негизги билим берүү программасынын көлөмү жана анын окуу циклдериндеги кредиттер** | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | 1 жыл 10 ай | 2 жыл 6 ай | 2 жыл 10 ай | 3 жыл 6 ай | 3 жыл 10 ай |
| 1-Блок | 1. Жалпы гуманитардык цикл<br>2. Математика жана табият таануу цикли<br>3.Кесиптик цикл | 70-100(*) | 90-130 | 110-155(*) | 130-158 | 150-215(*) |
| | Дене тарбия (белгиленген семестрлерде жумасына 2 саат) | 3-5 семестр лер | 3-6 семест лер | 3-6 семестр лер | 3-7 семест лер | 3-7 семестр лер |
| 2-Блок | Практика | 15-40(**) | 15-50 | 20-60(**) | 20-70(**) | 20-80(**) |
| 3-Блок | Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация | 5-10 | 5-10 | 5-10 | 5-10 | 5-10 |
| Орто кесиптик билим берүүнүн негизги жана окуу программасынын көлөмү | | 120 | 150 | 180 | 210 | 240 |
| | | | | | | |

Эскертүү:
(*) маданият жана искусство чөйрөсүндөгү билим берүү уюмдары үчүн «Кесиптик цикл» окуу циклинде кошумча 210 академиялык саат (7 кредит) каралсын;
(**) маданият жана искусство чөйрөсүндөгү билим берүү уюмдары үчүн «Практика» окуу циклинде 1200 академиялык саат (40 кредит) каралсын.

**040104-«Социалдык патронаж»** адистиги боюнча ушул стандарт базалык билим берүү мекемеси – Ош мамлекеттик университетинин Индустриалдык-педагогикалык колледжинин алдындагы ОКББ МББС иштеп чыгуу боюнча Окуу-усулдук кеңеши тарабынан даярдалды.